**СМАНОВ К. Д.,**
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин
юридикалык институтунун биринчи бүтүрүүчүсү,
юридикалык илимдердин биринчи кандидаты

# ЮРИДИКАЛЫК БИЛИМДЕРДИН КЕЛЕЧЕГИ

Башка билимдер сыяктуу эле юридикалык билимдердин келечеги кең. Ар бир адамга юридикалык билимдердин керек экендигин практикада далилденди. Өзүнүн укугун жакшы билиш үчүн ар бир жаранга юридикалык билимдер керек.

Окуучулар-студенттер негизинен үчкө бөлүнөт. Кээ бир студенттер өзүнүн мугалиминен жогору деңгээлдеги кызматкер болот. Экинчиси ошол эле өзүн окуткан мугалимдей болот. Үчүнчүсү болсо баягы мугалимдин деңгээлинен да төмөн болот. Мугалимдер ар бир окуучу же студент дэңгээли боюнча андан жогору болуусун эңсеп иштешет. Мындай максатка жетиш үчүн окутуучулар лекцияны жана семинардык сабактарды өтө жогорку адистик даярдыкта алып баруусу зарыл. Ошол эле учурда студенттер мугалим берген сабактар менен чектелбестен, кошумча адабияттарды окуп, өзүлөрү дагы изденип билим алууга тырышса жакшы натыйжа чыгаары барыбызга маалим.

Юридикалык адабияттарды окуунун өзгөчө шарттары бар. Биринчиден, ошол адабиятты автор билгендей билиш керек, экинчиден, ал адабияттын жетишпеген кемчиликтерин байкоого умтулуу керек. Үчүнчүдөн, адабияттагы кемчиликтерди кантип жоюунун жолдорун табууга аракет кылыш керек.

Адабияттагы жетишкендиктерди жакшылап пайдалануунун жолдорун билбесе болбойт. Ал үчүн юридикалык адабияттарды бир ирээт эле окубастан, талдап бир нече жолу окуш керек. Татаал суроолорду билген адамдар менен талкуулоо дагы жакшы натыйжа берет. Юридикалык адабияттарды окуу чоң мааниге ээ, анткени айрым учурларда студенттер лекциялык материалдар менен гана чектелип, юридикалык адабияттарды окууга убактысы же каалоосу жетпей калат. Өзүнүн адистиги боюнча адабияттарды көп окуган адам гана чоң ийгиликтерге жетерин студент жогорку окуу жайдын босогосун аттаганда эле сезиши керек жана бул ойдун пайда болуусуна жана ишке ашарына окутуучу чоң ролду ойнойт.

Юридикалык институтта бардык студенттер дипломдук иш жазышат. Менин оюмча, дипломдук ишти илимге кызыккан гана студенттерге берилсе жакшы болмок. Калган студенттер жарандык укук, жарандык-процессуалдык укук, жазык укугунан, жазык-процессуалдык укуктарынан, мамлекет жана укук теориясынан экзамен тапшырышса дипломдук иш аткарганга караганда

бир канча пайдалуу болмок. Анткени көпчүлүк студенттер Интернеттен эле көчүрүп туруп, жактоого алып келип жатышканы эч кимге деле сыр эмес.

Ушуга байланыштуу дагы бир олуттуу маселе – бешинчи курстан адистештирүү максатында студенттер бир нече топко бөлүнүп окутулат, мисалга, жарандык укук же жазык укугу деп. Менин оюмча, студенттер бардык эле программаларды окушса жакшы болмок. Кээ бир учурда жарандык укукту бүткөн студент жаза укугу боюнча иштеп калган көп учурлар болот. Ошондуктан, юридикалык институтту бүткөн студенттер универсалдык адис болушу - азыркы мезгилдин талабы. Практикада мурун прокуратурада же сот системасында иштеген кызматкерлердин көбү азыр адвокатурада иштеп жүрүшөт. Мисалга, адвокат болсо, тергөөнүн, прокурордун, соттун иштерин жогорку деңгээлде билбесе иштей албайт, себеби ошолордун катасын табуу анын максаты. Адистештирүү болушу керек, бирок мындай адистештирүү магистратурада жана аспирантурада болсо туура болмок.

Ар бир студент университеттин программасын толугу менен өздөштөрбөсө болбойт. Юридикалык иштин бардык тармагында иштегенге жараган юрист гана жакшы адис боло алат. Юрист болгон адабияттарды жана жаңы мыйзамдарды ар дайым билиши зарыл.

Республикадагы дагы орчундуу маселелрдин бири- мектеп жашындагы балдарга өтө көп көңүл бурбасак болбойт. Кыргыз калкында жетимдерди төрт топко бөлүшөт. Биринчиси-энеси жок, экинчиси-атасы жок , үчүнчүсү- энеси, атасы жок тоголок жетимдер. Буларга эл менен өкмөт көңүл буруп жардам бериши керек. Төртүнчү топтогу тирүүлөй жетимдерге эч ким көңүл бурбай, эч кандай жардам берилбей калган, атасы менен энеси таштап башка өлкөлөргө акча табуу максатында кеткендердин балдары. Аларга эч кандай көзөмөл болбогондуктан, өз билгендерин кылышып, көп убактыларын базарда же башка жайларда өткөрүшүп, ар түрдүү кылмыштарга барышат жана аларга мектептеги балдарды тартышат. Бул көзөмөлдөн тышкары калган балдар мектепте рекеттик кылып, ар кандай тартип бузууларга барышат.

Бишкек шаарынын тургуну бир аял киши жаш өспүрүм баласын үйүнө калтырып, туугандарына көз салып туруусун өтүнүп, өзү Россияга кеткен. Бир топ убакыттан кийин ал Россиядан 25 миң доллар таап келип, баласына көрсөтүп, үйүнө катып коёт. Бул акчалар жөнүндө бала досуна айтып берет. Эртеси бала досу экөөлөп энесин өлтүрүп, өлүгүн өрттөп, 25 миң долларды алышып, эки чет өлкөлүк автомашина сатып алышат. Кийин алар укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан колго түшүрүлгөн.

Жакынкы арада эле мектептеги балдар рекеттик кылышып 8 окуучуну өлтүрүшкөн. 58—мектептен 13 жаштагы окуучуну 1500 сом алып келбейсиң деп өлтүрүшкөн. Мектеп жашындагы балдардын арасындагы ушундай кылмыштарды тезинен жоюу үчүн тиешелүү мыйзамдар кабыл алынышы керек.

Совет мезгилинин биринчи жылдарында ювеналдык сот (балдар соту) чоң шаарларда болуп, ал жакшы натыйжа берген. Кийинчерээк ювеналдык сот жаш балдар боюнча комиссия менен алмаштырылган. Азыркы мезгилде жаш балдар боюнча комиссия талапка жооп бере албай жаткандыгын практика көрсөтүп жатпайбы. Ошондуктан, Кыргызстанда тергөө органдары менен ювеналдык сот түзүлүшү керек. Ювеналдык сот дүйнө боюнча Францияда гана бар. Россияда ювеналдык сотту түзүү боюнча абдан катуу маселе коюлуп, талкууланып жатат.

Жаш балдар үчүн сотторду түзүүгө Кыргызстанда деле эч кандай талаш-тартыш жок. Эксперимент катары Бишкек шаарында ювеналдык сотту түзсө болот. Соттордун штаты көбөйбөйт. Ушул эле соттордун штатынын негизинде ювеналдык сот түзсө болот. Мектептерде рекеттин болушу өтө коркунучтуу көрүнүш. Мындай кылмыштуулукту токтотууга мугалимдердин, ата-энелердин, коомчулуктун катышуусу зарыл, жаш балдарды жакшы тарбиялоо кыйын иш. Бардык күчтөр туура колдонулса гана бул көйгөй чечилет. Жаш балдар боюнча комиссия (комиссия по делам несовершеннолетних) дагы ювеналдык сот менен биргелешип иштешсе пайдалуу болмок.

Эмне себептен жаш балдардын кылмыштуулугу өсүп жатканын жакшылап изилдеп, тез чараларды көрбөсөк болбойт.

Америка Кошмо Штаттарында, Германияда жана Японияда таланттуу балдарды өзүнчө таланттуу мугалимдер окутушат. Биздин Республикада ушундай таланттуу балдар аз эмес. Бул маселенин үстүндө дагы иштеш керек.

Коррупция менен күрөшүүнү күчөтпөсө болбойт. 2013-жылдын ноябрь айында Кыргызстан коррупция менен күрөшүү боюнча 160- орундан 154-орунга жылды. Бул биздин республика үчүн чоң жетишкендик. Ушундай күрөштү дагы күчөтүш керек. Биринчи кезекте жазык, жазык-процессуалдык кодекстерге тийиштүү өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизип, бүгүнкү талапка жооп бергендей кылыш керек. Коррупция менен күрөшкөн адам өзү кардай таза болбосо болбойт. Калк айтса калп айтпайт деген сөз туура. Ошондуктан калктын өзү коррупцияга каршы болушу чоң мааниге ээ. Мисалга алсак, Бишкек шаарынан Токмок шаарына барыш үчүн машина, айдоочу, жол жакшы

болушу керек. Ал эми айдоочу жакшы болбосо түз эле жолдон авария болушу мүмкүн, анткени ал жол айдоонун эрежесин окуган эмес, айдоо укугун сатып алган. Мына ушинтип, коомубуз менен коррупцияга каршы турсак жашообуз оңолот. Ач курсак тоёт, ач көз тойбойт. Ач көздөрдү издеп жүрүп жоопко тартуу, аларга чыдагыс мамиле жасаганда гана натыйжа чыгат.

Азыркы сот курамына бир топ өзгөртүүлөрдү киргизбесек болбойт. Эң жогорку сотубузда жазык иштерди үч судьядан турган курамы карап чыгып чечим чыгарат. Мыйзам боюнча кылмыш иштери менен административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча сот коллегиясынын чечимине арызданууга болбойт. Себеби коллегиядан жогорку сот жок, ошондуктан бул курамын өзгөртүү керек.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жазык процессинин катышуучуларынын даттануулары боюнча жана прокурордун сунуштары боюнча жергиликтүү соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актыларын көзөмөлгө алуу максатында кайрадан карап чыгууну ишке ашырат.

Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна келип түшкөн жазык иши мурда апелляциялык жана кассациялык тартипте каралбаган болсо, анда даттануу жана сунуш менен чогуу жергиликтүү сотторго тиешелүү инстанциясында карап чыгуу үчүн жөнөтүлүшү талап.

Областтык соттун чечими кассация иретинде Жогорку соттун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот коллегиясында каралса туура болмок, анткени кассациялык инспекция апелляциялык инспекциядан жогору болушу керек.

Ар бир жазык иши жазык процессинин стадияларын ирети менен өтүшү керек. Биринчи инстанциядагы соттун мурда апелляциялык тартипте даттанылбаган жана мыйзамдуу күчүнө кирген чечими процесстин катышуучулары тарабынан кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 373- беренесинде “акталган, соттолгон жана кылмыш иши ага карата токтотулган адамдардын таламдарына каршы кассациялык даттанууга соттун чечими күчүнө киргенден бир жылдан кийин гана жол берилет.”

Орус тилинде “Кассационное обжалование против интересов оправданного, осуждённого и лица, в отошении которого уголовное дело прекращено, допускается лишь в течение года после вступления судебного приговора в законную силу”.

Бул жерде орус тилиндеги текст туура. Мыйзам туура которулган эмес, анткени мыйзам орус тилинде кабыл алынган.

Райондук (шаардык) соттордун, гарнизондордун аскердик сотторунун чечимдери областтык соттун, Бишкек шаардык сотунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотто кассациядан жогору турган Президиум болбосо болбойт. Президиумдун курамы 9 судьядан кем болбошу керек.

Башкы прокурордун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын жана алардын биринчи орун басарларынын сунуштарынын негизинде Президиум жазык иштерин карап чыгып мыйзамга ылайык чечим чыгарууга укуктуу болушу керек. Бир айдын ичинде бир же эки жолу Президиумдун отуруму (заседаниеси) болсо негизинен дурус болот.

Азыркы учурда Пленум бар, бирок анын жазык иштерин кароого укугу жок. Биз Пленумга жазык иштерди Башкы прокурордун, Жогорку соттун сунуштары менен карагандай ыйгарым укук (полномочие) бербесе болбойт. Ал коррупцияга биринчи каршы турган сот курамындагы эң жогорку орган болот.

Болжол менен Жогорку соттун Пленумунда 35 судья бар. Калыстык элде болот. Пленумда коррупция жөнүндө ой да болушу мүмкүн эмес, анткени 35 судьяга пара берүүгө мүмкүн дагы эмес жана жогоруда отурган Жогорку Соттун төрагасы дагы ишти тигиндей же мындай чечкиле деп айта албайт, ошол эле учурда төмөн жактагы

судьялардын мыйзамдуу чечим кабыл алышына таасир этет. Ошондо судьялар мыйзам боюнча так жана туура иштешке аркеттенишет деген ойдомун. Эгерде жазык иштерин судьялар мыйзамдуу карабаса, Пленум алып саларын билип, жакшы иштегенге жол ачылмак. Пленумдун отуруму(заседаниеси) бир айда бир жолу болуп, кээ бир учурда Пленумга өзү чыгарган токтомдорго өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду же болбосо такыр алып салууларды киргизүүгө укук берсе болот.

Жогорку Соттун төрагасы жазык иштерди төмөнкү соттордон чакырып алууга укугу бар, бирок ал жазык иши боюнча бир жыйынтык чыгарууга укугу жок. Ошондуктан, Жогорку соттун төрагасына ишти кайра кароого коллегияга, Президиумга же Пленумга сунуш кылууга укук бербесе болбойт.

Дагы бир маселенин башы Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 380-беренесинде турат. Жогорку сотто жазык ишин караган мезгилде үч судьянын бири өзгөчө ойдо болуп калса өзүнүн оюн жазып конвертке салып коёт. Жогорку сотко кылмыш иштери жана администрациялык укук бузуулар жөнүндө сот коллегиясынан жогорку башка орган болбогондуктан, өгөчө ой жазуунун кажети деле жок.

Демек, бул берененин да кереги жок.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 15-беренесинде төмөнкүчө жазылган: “Айыпкердин кылмыш жагындагы күнөөсү соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен белгиленмейинче ал күнөөсүз деп эсептелинет”.

Россия Федерациясынын Жазык-процессуалдык кодексинин 14-беренесинде так ушундай жазылган. Менин оюмча, Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин жогоруда көрсөтүлгөн беренеси боюнча соттун өкүмү күчүнө киргенге чейин айыпкер күнөөсүз болуп эсептелет экен. Жазык-процессуалдык кодекстин 213–беренесинин негизинде тергөөчү токтом чыгарган мезгилден баштап айыпкер катарында чогулган далилдердин негизинде жоопко тартуу жөнүндө айтылган. Ошондуктан, өкүм күчүнө кирмейинче айыпкер катары тартылган адамды биз күнөөсүз деп эсептешке акыбыз жок. Ал адам өкүм күчүнө кирмейинче кылмыш иш жасагандыгы үчүн айыпкер болуп эсептелинет. Ал эми айыпкер соттун өкүмү мыйзамдуу түрдө күчүнө киргенден баштап аны күнөөлүү десек болот. Ошондо күнөөсүз деген сөздү колдонбой, айыпкер деген сөздү алсак туура болчудай.

Ошол эле беренеде “Ушул Кодекске ылайык тийиштүү укуктук жол-жобонун чегинде чектелиши мүмкүн болбогон айыптоонун далилдегенге бардык шектенүүлөр айыпкердин пайдасына чечилет”. Ошондой эле мыйзамды колдонууда келип чыккан четтетилбеген шектенүүлөр да айыпкердин пайдасына чечилүүгө тийиш”- деп жазылган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинде бардык шектенүүлөр айыпкердин пайдасына чечилет” деп көрсөтүлгөн.

Менин жеке оюм- Жазык-процессуалдык кодексте туура чечилген. Эгерде болгон иштер боюнч шектенүүлөрдү айыпкердин пайдасына чече берсек айрым жоопкерчиликсиз тергөөчүлөргө же сотторго болбогон жерден жазык ишин кыскартуугажол ачып беребиз.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинде ушул суроо боюнча төмөнкүчө жазылган: “Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында эң жогорку юридикалык күчкө ээ болот жана түздөн-түз колдонулат” деп ушул кодекстин чечимдеринин жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ортосунда карама-каршылык жаратуу менен Конституциясынын чечимдери туура эмес колдонулган.

Мыйзам боюнча Конституцияга ылайыкталган чечим болушу керек. Жалпыга түшүнүктүү болуш үчүн төмөндөгү мисалга көңүл буралы. Эки студент ишемби күнү кечинде туугандарынын үйүнө конокко келишет. Кечинде телевизор көрүп отурушса, тыштан катуу кыйкырык чыгат. Эшикке чыгышса үйдүн ээси - аял төшүн колу менен басып турганын көрүшөт. Эмне болду дегенде, ал аял: “Менин жолдошум бычак менен төшкө сайды”- деп жооп берет. Баягы эки студент “Тез жардамды” чакырышып, жарадар

болгон аялды машинага салышып бейтапканага жиберишет. Медицина кызматкерлери дагы тергөөдө аялдын күйөөсү бычак менен сайганын айтканын көрсөтүшөт. Эки күн өтүп, кичине жакшы болуп калганда аял: “Мен өзүмдү өзүм бычак менен сайгам”- деп көрсөтүүсүн өзгөрткөн. Иш боюнча соттук экспертиза дайындалып, ал “аял өзүн өзү бычак менен мындай саюусу мүмкүн эмес, бул башка адам аркылуу гана урулган “ деген жыйынтык чыгарган.

Ооруканада жаткан бейтапка сурак жүргүзүүнүн алдында тергөөчү дарыгерден уруксат алышы керек. Жарадар болгон аял: ”Мен оор абалда жатсам, сурак жүргүздү. Чынында мен эмне дегенимди билбейм” деп жооп берген. Ошентип, ушул жазык иши сотко жиберилбестен кыскартылган. Эгерде сотко жиберилсе дагы сот ушул шектенүүлөрдү жоюп, өкүм чыгара алмак эмес.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин 15-беренесинде бул суроо боюнча: “Укуктук жол-жобонун чегинде чектелиши мүмкүн болбогон айыптоонун далилденбеген бардык шектенүүлөрү айыпкердин пайдасына чечилет" деп жазылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесине ушудай өзгөртүүлөр киргизилсе жакшы болмок.